| | |
|---|---|
| | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**<br><br>**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ** |
| | **САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ** |
| | **DP- 11.12** |

ОшТУнун Окумуштуулар
кеңешинин 2026-жылдын
27-февралындагы
№ 5 протоколу менен
КАБЫЛ АЛЫНДЫ

БЕКИТЕМ
ОшТУнун ректору Ж.Ж.Турсунбаев
_______________________________
2026-жылдын 5-мартындагы
№ 24-ОБ буйругу менен

# «МУРАС» РУХАНИЙ-АГАРТУУ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Ош – 2026**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**М.М.АДЫШЕВ АТЫНДАГЫ ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**САПАТТУУ БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ**

**DP- 11.12**

**ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ БАРАГЫ**

| ЛНА нуска № | Өзгөртүлгөн бөлүм/пункт (бети менен) | Окумуштуулар кеңешинин протоколу №, датасы |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Кызматтык пайдалануу үчүн

«Мурас» руханий-агартуу борбору жөнүндө жобо, – Ош. ОшТУ, 2026 – 7 б.

Түзүүчү: Акматалиев А.Т., Тагаев Б.А., Сатыбалдыев А.Б.

Жобо Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жактырылып (2026-жылдын 27-февралындагы № 5 протоколу), ректордун буйругу менен бекитилди (2026-жылдын 5-мартындагы №24-ӨБ буйругу)

**Мазмуну**

Жалпы жоболор ....................................................................................................5
Борбордун максаты.......................................................................................... 5
Борбордун негизги милдеттери..........................................................................5
Борбордун функциялары жана ишмердүүлүк багыттары.................................6
Борбордун укуктары жана милдеттери...............................................................6
Башкаруу жана уюштуруу түзүмү......................................................................6
Борбор жетекчисинин ыйгарым укуктары.........................................................6
Кеңеш жана секторлор.........................................................................................7
Түзүмдүк бөлүмдөр менен өз ара аракеттенүү..................................................7
Студенттик кеңеш жана жаштар уюмдары менен иштөө.................................7
Пландоо, мониторинг жана отчеттуулук............................................................7
Каржылоо жана материалдык-техникалык камсыздоо.....................................7

# «МУРАС» РУХАНИЙ-АГАРТУУ БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

### 1.1. Укуктук макамы

1.1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Министрлер Кабинетинин ченемдик укуктук актыларына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 18-декабрындагы №369 Жарлыгы менен бекитилген «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолуна, Ош технологиялык университетинин (мындан ары – Университет) Уставына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыккан.

1.2 Мурас“ руханий-агартуу борбору (мындан ары – Борбор) Университеттин илимий-агартуу багытындагы түзүмдүк бирдиги болуп саналат жана уюштуруучулук жактан Коомдук илимдер кафедрасынын базасында иш алып барат.

1.3. Борбор юридикалык жак болуп саналбайт, өз алдынча мөөргө жана балансга ээ эмес жана Университеттин атынан анын Уставына жана ички ченемдмк укуктук актыларына ылайык иш жүргүзөт.

1.4. Борбор өз ишмердүүлүгүн мыйзамдуулук, академиялык эркиндик, гуманизм, мекенчилдик, жарандык жоопкерчилик, улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын айкалышы, ачыктык жана системалуулук принциптеринин негизинде жүзөгө ашырат.

1.5. Борбордун ишмердүүлүгү коомдук башталышта, уюштуруучулук жана координациялык негизде жүргүзүлөт жана Борбордун ишине тартылган кызматкерлер өздөрүнүн негизги кызматтык милдеттеринен тышкары коомдук негизде катышышат.

## 2-бөлүм. Борбордун максаты

2.1. Борбордун негизги максаты – Кыргыз Республикасынын «Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик» уңгужолунун баалуулуктарын Университеттин билим берүү, илимий, тарбиялык жана коомдук ишмердүүлүгүнө системалуу интеграциялоо, студенттердин жана жаштардын жарандык аң-сезимин, мекенчилдик сезимин жана руханий-адептик баалуулуктарын калыптандыруу.

## 3-бөлүм. Борбордун негизги милдеттери

3.1. Борбордун негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- мамлекеттик идеологиялык жана руханий-баалуулук багыттарды илимий жана методикалык жактан жайылтуу;
- тарбиялык жана агартуу иштерин системалуу уюштуруу;
- уңгужолдун мазмунун билим берүү процессине, илимий иш-чараларга жана тарбиялык программаларга интеграциялоо;
- жаштардын жарандык активдүүлүгүн, лидерлик сапаттарын жана социалдык жоопкерчилигин өнүктүрүү;
- мамлекеттик органдар, билим берүү жана илимий уюмдар, жарандык коом институттары менен кызматташтыкты өнүктүрүү;
- руханий-агартуу багытындагы инновациялык методдорду иштеп чыгуу жана практикага киргизүү.

**4-бөлүм. Борбордун функциялары жана ишмердүүлүк багыттары**

4.1. Борбор төмөнкү функцияларды аткарат:

- илимий-аналитикалык иш (изилдөөлөр, талдоо, сунуштар);
- окуу-методикалык иш (лекциялар, семинарлар, атайын курстар);
- тарбиялык жана маданий-агартуу иш-чаралар (форумдар, конференциялар, дебаттар, тегерек столдор);
- маалыматтык-агартуу иш (басылмалар, медиа ресурстар, электрондук контент);
- консультациялык жана эксперттик иш (түзүмдүк бөлүмдөргө методикалык колдоо көрсөтүү).

4.2.Борбордун ишмердүүлүк багыттары Университеттин өнүгүү стратегиясына, мамлекеттик саясатка жана коомдук муктаждыктарга ылайык аныкталат.

**5-бөлүм. Борбордун укуктары жана милдеттери**

**5.1. Борбордун укуктары:**

- Университеттин институттары, кафедралары жана башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүгө;
- илимий, тарбиялык жана агартуу иш-чараларын демилгелөөгө жана уюштурууга;
- Университеттин жетекчилигине сунуштарды киргизүүгө;
- мамлекеттик жана коомдук уюмдар менен кызматташууга (Университеттин белгиленген тартиби боюнча).

**5.2. Борбордун милдеттери:**

- өз ишмердүүлүгүн мыйзамдарга, Уставга жана ушул Жобого ылайык жүргүзүү;
- жылдык жана перспективалык иш-пландарды иштеп чыгуу;
- ишмердүүлүгү боюнча белгиленген тартипте отчет берүү;
- иш-чаралардын сапатын жана мазмундук деңгээлин камсыз кылуу;
- академиялык жана этикалык нормаларды сактоо.

**6-бөлүм. Башкаруу жана уюштуруу түзүмү**

**6.1. Жалпы башкаруу**

6.1. Борборду анын жетекчиси башкарат.

6.2. Борбордун жетекчиси тиешелүү кафедранын сунушу боюнча Университеттин ректорунун буйругу менен дайындалат жана кызматтан бошотулат.

6.3. Борбор уюштуруучулук жактан кафедранын базасында иш алып баргандыгына карабастан, функционалдык жактан Университеттин проректоруна (же ректор тарабынан аныкталган жооптуу жетекчиге) отчет берет.

**6.2. Башкаруу вертикалы**

6.4. Кафедра башчысы Борбордун уюштуруучулук ишмердүүлүгүн координациялайт, ал эми стратегиялык жана функционалдык жетекчилик Университеттин жетекчилиги тарабынан жүзөгө ашырылат.

6.5. Борбордун ишмердүүлүгү ректордун буйруктары, чечимдери жана Университеттин ички ЧУАлары менен жөнгө салынат.

**7-бөлүм. Борбор жетекчисинин ыйгарым укуктары**

7.1. Борбор жетекчиси:

- Борбордун ишмердүүлүгүн жалпы уюштурат жана координациялайт;
- жылдык, перспективалык жана тематикалык иш-пландарды иштеп чыгат;
- түзүмдүк бөлүмдөр менен өз ара байланыш түзөт;
- Университеттин жетекчилигине отчет берет;
- өнөктөштүк байланыштарды өнүктүрөт;
- иш-чаралардын аткарылышына жооп берет.

**8-бөлүм. Кеңеш жана секторлор**

8.1. Борбордун алдында кеңеш берүүчү орган – Илимий-методикалык кеңеш түзүлөт.

8.2. Кеңештин курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

8.3. Кеңештин чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ жана протокол менен таризделет.

8.4. Борбордун түзүмүнө төмөнкү секторлор кирет:

- илимий-аналитикалык сектор;
- окуу-методикалык жана тарбиялык сектор;
- маалыматтык-агартуу сектор.

8.5. Секторлордун курамы ректордун буйругу менен бекитилет.

**9-бөлүм. Түзүмдүк бөлүмдөр менен өз ара аракеттенүү**

9.1. Борбор Университеттин бардык институттары, колледждери жана кафедралары менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барат.

**10-бөлүм. Студенттик кеңеш жана жаштар уюмдары менен иштөө**

10.1. Борбор студенттик өз алдынча башкаруу органдары, жаштар уюмдары жана студенттик кеңеш менен биргеликте иш алып барат.

10.2.Студенттердин демилгелери, волонтердук, патриоттук жана интеллектуалдык долбоорлор Борбор тарабынан колдоого алынат.

**11-бөлүм. Пландоо, мониторинг жана отчеттуулук**

11.1. Борбор жыл сайын иш-план иштеп чыгып, ректор же жоопту проректор тарабынан бекитилет.

11.2. Жылдык отчет окуу жылынын жыйынтыгы боюнча даярдалып, Университеттин жетекчилигине сунушталат.

11.3.Борбордун ишмердүүлүгү мониторинг жана баалоо көрсөткүчтөрүнүн (иш-чаралар саны, катышуучулар, илимий-методикалык материалдар ж.б.) негизинде бааланат.

**12-бөлүм. Каржылоо жана материалдык-техникалык камсыздоо**

12.1.Борбордун ишмердүүлүгү Университеттин каражаттарынын, гранттардын, демөөрчүлүк каражаттардын жана мыйзамдарга каршы келбеген башка булактардын эсебинен каржыланышы мүмкүн.

12.2. Каржылык жана материалдык камсыздоо Университеттин финансы-экономикалык тартибине жана ички ЧУАна ылайык жүзөгө ашырылат.